Курактык жана педагогикалык психологиялык практикум сабагы: БКМ-1-18 тайпасы

**Сабактын темасы:** Кенже мектеп жашындагы балдарга кездешүүчү негизги кыйынчылыктар.
**Окутуучу:** Мырзасапарова Тумаркан Алишеровна

**Сабактын максаттары:**

1. Курактык жана педагогикалык психологиялык өзгөчө белгилерин атап, студенттерге теманы түшүндүрүү;

2. Кенже мектеп жашындагы балдарга кездешүүчү негизги кыйынчылыктар жөнүндө түшүнө билүүгө машыктыруу;

3. Кенже мектеп жашындагы балдарга кездешүүчү негизги кыйынчылыктарды, турмуш менен байланыштырып, тарбиялоого багыт берүү;

**Сабактын тиби:** Аралаш сабак


**Сабактын жабдылышы:** Плакат, буклет, карточкалар, китеп, доска, бор

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуру учуру:** 1.Саламдашуу,

2.Жоктоо

Кенже мектеп жашындагы балдардын окууга даяр экендигине карабастан, алар айрым кыйынчылыктарга кездешет:


1. Учебная несамостоятельность


2. Большая нагрузка


3. Минимальная
мозговая дисфункция


4. Неумение
жить в социуме


5. Дети хотят
смотреть, а не слушать



6. Слишком рано
и слишком поздно

Биринчи кыйынчылык мектеп тар тиби менен байланыштуу. Алар өз учурунда туруп, сабакты калтырбай, кечикпей, сабак учурунда тартипти бузбай, үйгө берилген тапшырмаларды аткаруулары зарыл. Мындай талаптарды аткаруу үчүн бала эски өнөкөттөрүнөн кескин түрдө баш тартып, жаңы жүрүш – туруштарды, ык, машыгууларды өздөштүрүүсү керек.
Мугалимдин, ата-эненин талаптары так, бирдей болгондо гана бул кыйынчылыктар балага тескери таасирин тийгизбей, жоюлушу мүмкүн.



Экинчи кыйынчылык окуучулардын өз теңтуштары жана мугалим менен мамиле жасоону үйрөнүү зарылчылыгынан келип чыгат. Мугалим окуучуларга канчалык кичи пейил, сылык мамиле жасабасын, анын официалдуу адам экендигин балдар жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан балада пайда болгон ишенбөөчүлүк, коркуу сезими аларды мугалимден алыстатат.





Үчүнчү кыйынчылык окуу жылынын ортосунда пайда болот. Мугалим окуучулардан информацияларды кабыл алуусун гана талап кылбастан, аны кайтадан айтып берүүсүн да өтүнөт. Бул кенже окуучулардан көңүл бурууну, тырышчаактыкты, эрктик аракетти талап кылат.   Ал эми мындай талапты аткарууга бардык эле окуучулар даяр болбойт. Окуучулардын алдында пайда болгон

мындай обьективдүү кыйынчылыктар балдардын мектеп  шартына, талабына тез адаптацияланууcуна (көнүгүүсүнө) тоскоолдук кылат.





Кенже мектеп жашындагы балдардын негизги иш-аракети окуу. Окуу процессине окуучуларды көндүрүү ( адаптациялоо) үчүн мугалим адаптация кубулушунун закон ченемдүүлүгүн, анын кенже мектеп жашындагы балдарды өтүү өзгөчөлүгүн так элететүүсү зарыл.





М.М. Безруких, С.П.Ефимовалар өздөрүнүн “Знаете ли вы своего ученика” деген китебинде кенже мектеп жашындагы балдарда адаптация процессинин табиятын ачууга аракет жасалган.

Физиологиялык адаптация – Балдардын организминин жаңы окуу иш-аракетине көнүүсү негизги үч фазадан турат:

- Окуучулар биринчи күндөн баштап жаңы  окуу иш-аракетин өздөштүрүүгө киришкендиктен, алар көптөгөн жаңы дүүлүктүргүчтөргө туш болушат. Буларга жооп берүү үчүн организм ички ресурстарын үнөмдөбөй , толук сарптоого аракеттенет. Балдардагы мындай абал 2-3 аптага созулат. Балдардын бул өзгөчөлүгү багыттоочу фаза деп аталат.
- Физиологиялык адаптациянын экинчи фазасында окуучулар жаңы дүүлүктүргүчтөргө (туруктуу эмес болсо да) оптималдуу жооп таап , ага ылайыкташууга аракет жасашат. Жаңы дүүлүктүргүчтөр секиндеп азая баштайт. Организм өз ресурстарын үнөмдөөгө өтөт.

- Үчүнчү фазада окуу процессинен , мугалимдин керт башынын таасиринен пайда болгон дүүлүктүргүчтөгө оптималдуу , салыштырмалуу туруктуу жооп табууга жетишет. Организм окуу дүүлүктүргүчтөрүнө ылайыкташып , ошого жараша үнөмдүү энергия сарптоого өтөт.

Физиологдордун изилдөөлөрүнө караганда окуучулардын мындай физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө 5-6 жумага (12-15 октябрга) чейин созуларын эсептешкен.



**Психологипялык** адаптация. Мектепке , мугалимге адекваттуу жүрүш-турушу калыптандыруу. Мугалим , окуучулар теңтуштары менен контакта өтүүгө аракеттенүүсүн жана окуу иш-аракетинин машыгууларына ээ болууну билдирет.

Балдардагы психологиялык адаптация бардык балдардын топторунда бирдей өтпөйт. Балдардын 56% нын мектепте көнүүсү 2 айга созулат. Булар коллективге тез сиңишет, жаңы досторго ээ болушат, көңүлдөрү көтөрүңкү , кең пейилдүү , мугалимдин талаптарын туура аткарышат. Балдардын 30% да адаптация биринчи чейректен акырына чейин созулат. Булар

окуу ситуацияларын кабыл алышпайт. Мугалимдин окуучулар менен болгон карым-катнашы чыңалуу абалында болот. Өз мамилелерин “тактоо” аракетинде болушат. Балдардын 14% да адаптация өтө кыйындык менен өтөт. Окуу программасын өздөштүрө алышпайт , негативдүү жүрүш-туруштар байкалат, класстын иштөөсүнө тоскоолдук кылат.

Бул келтирилген фактылар жаңы окуу иш-аракетин өздөштүрүүдө окуучулардан атайын убакытты талап кыларын, спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ экендигин жана бул этапты акылдын деңгээлинде башкаруу окуучуларды жолго салууга өбөлгө болорун билдирет.





4.Бышыктоо: Суроо-жооп иретинде.

1.Кенже мектеп жашындагы балдарда кездешүүчү негизги кыйынчылыктар кайсылар аталат?

2. М.М. Безруких, С.П.Ефимовалар өздөрүнүн “Знаете ли вы своего ученика” деген китебинде эмне жөнүндө аракет жасаган тууралуу жазган?

3. Балдардын 56% нын мектепте көнүүсү канча айга созулат?

5. Сабактын жыйынтыгы:
6.Баалоо:
7.Үйгө тапшырма: Теманы окуп, суроолорго жооп жазып келүү.
8.Адабияттар: Возрастная психология и педагогика. Т.Е. Шапошникова, В.А. Шапошников, В.А. Корчуганов. Интернет булактары.